**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**АК-ТАЛАА РАЙОНУ**
**БАЕТОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**БАЕТОВСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

**Бириктирилген Баетов айыл аймагынын айылдык кенешинин депутаттарынын кезектүү II- сессиясынын**

**ТОКТОМУ №2-17**

**12-июль 2023-жыл** **Баетов айылы**

**“Баетов айыл аймагынын айылдык кеңеши"**
**мекемесин түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 3-апрелиндеги ПЖ №85 “Нарын облусунун айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы №177 Айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” мыйзамдарын, Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө Жобону ж.б. тиешелүү мыйзам актыларын жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Терек жана Үгүт, Баетов айыл аймактарынын айылдык кеңештерин бириктирүү жолу менен Баетов айыл аймагынын айылдык кеңеши болуп кайра түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**
-Мамлекеттик тилде: " Баетов айыл аймагынын айылдык кеңеши " мекемеси;
-Расмий тилде: Учреждение "Айылный кенеш Баетовского айылного аймака"
**Кыскартылган фирмалык аталышы:**
- Мамлекеттик тилде: " Баетов айыл аймагынын айылдык кеңеши" м-и.
- Расмий тилде: У-е "Айылный кенеш Баетовского айылного аймака"

2. Баетов айыл аймагынын айылдык кеңешинин Жобосу бекитилсин.
3. Баетов айыл аймагынын айылдык кеңешинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Нарын облусу, Ак-Талаа району, Баетов айылы, А. Султаналиев көчөсү № 56 болуп аныкталсын.
4. Юридикалык жактын уюштуруучусу - жергиликтүү кеңештин депутаттары.
5. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Буйрукта көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага:** **Ч. Азимжанов**